**ММК фондунун 2023 жылы жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер**

2023-жылы ММК фондуна жарандардан 28679 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113  Шыр байланышына–26420 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 346 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 744, коомдук кабылдамага каттагандар – 692, электрондук - 381, on-line режиминде сайт аркылуу –96.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

89 даттануу келип түштү, анын ичинде 44 (49%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты.  Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 14 учурда сөгүш берилди; 22 учурда эскертүү берилди; 59 учурда этика боюнча комиссияда каралды, 8 медициналык кызматкер кызматынан бошотулду, 2 учурда материалдык колдоо алынып салынды; 13 учурда саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине маалымдалды.

Баардык кайрылууларга телефон аркылуу консультациялар жана кат жүзүндө жооптор берилген, ошондой эле бейтаптарга специалистерден консультация алууга жана ооруканаларга жатууга жардам көрсөтүлгөн.